**УДК 94(47)**

**КЫРГЫЗДАН ЧЫККАН ЖАЛГЫЗ ХАНЫША АЯЛ КУРМАНЖАН ДАТКА**

*Медербеков Кайратбек Медербекович,*
*СЭБ-22тайпасынын магистранты,*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Осмонов Самарбек Жумабекович*
*ОшМПУ доценти, т.и.к.*
*osmonovs@bk.ru*

ЕДИНСТВЕННАЯ ЦАРИЦА ИЗ КЫРГЫЗСТАНА-КУРМАНЖАН ДАТКА

*Медербеков Кайратбек Медербекович,*
*Магистрант группы СЕБ-22.*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Осмонов Самарбек Жумабекович*
*к.и.н.,доцент ОшГПУ.*
*osmonovs@bk.ru*

THE ONLY QUEEN FROM KYRGYZSTAN-KURMANZHAN DATKA

*Mederbekov Kairatbek Mederbekovich,*
*Graduate group SEB-22.*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Osmonov Samarbek Zhumabekovich*
*Doctor of Science, associate professor, OshGPU.*
*osmonovs@bk.ru*

**Аннотация**

Бул макалада элибиз эгеменүүлүккө ээ болгондон кийин жарык көргөн илимий макалаларды, адабияттарды колдонуу менен кыргыздын алгачкы башкаруучу айымы болгон Курманжан датка тууралуу кеңири изилдөөгө аракет жасалды. Курманжан датка жашаган доорду, анын коомдук-саясий ишмердиги Кокон хандыгы мезгилинде андан кийин Орус баскынчылык саясаты кезинде жасаган иш аракеттери тууралуу Европадан келген окмуштуу-изилдөөчүлөрүн таң калтырбай койгон эмес. Датка айым өз ишмерүүлүк кезинде эл кызыкчылыгын баарынан жогору коюп, атүгүл эркиндик үчүн өз жакындарынан ажыраганы баарыбызга маалым. Курманжан датканын кылымга тете болгон жашоосунда эмнелер болгонун макаладан кеңири биле алабыз.

**Негизги сөздөр:** Курманжан датка, Маматбай, Алымбек датка, Ош, Алай, Кокон хандыгы.

**Аннотация**

В данной статье предпринята попытка провести детальное исследование, используя научные статьи и литературу, изданную после обретения нашим народом независимости, о жизни Курманжан Датки – первой женщины-правительницы кыргызов. Курманжан не преминула удивить ученых и исследователей Европы эпохой, в которой она жила, своей общественной и политической деятельностью в период Кокандского ханства, а затем и в период российской завоевательной политики. Все мы знаем, что Курманжан датка в течение всей своей политической деятельности ставила интересы народа превыше всего и ради свободы даже потеряла своих близких. Из статьи мы сможем узнать больше о том, что произошло в почти что вековой жизни Курманжан датки.

**Ключевые слова:** Курманжан датка, Маматбай, Алымбек датка, Ош, Алай, Кокандское ханство.

**Annotation**

This article deals with the attempts to conduct a detailed study of Kurmanzhan Datka, the first Kyrgyz female ruler using scientific articles and literature published after our people gained independence. Kurmanzhan did not fail to surprise scientists and researchers in Europe with the era

in which he lived, with her social and political activities during the period of the Kokon Khanate and Russian aggressive policy. We all know that Kurmanzhan.Datka during her career put the interests of the people above all else and for the sake of freedom she even lost her loved ones. From the article we can learn more about what happened in the life of Datka Kurmanzhan.
Key words: Kurmanzhan Datka, Mamatbay, Alymbek Datka, Osh, Alay, Kokon Khanate.

**Теманын актуалдуулугу:** Кандай гана эл болбосун анын басып өткөн жолу, жашап өткөн тарыхы болот. Ал эл кандай шартта жашабасын, көп же аз болбосун анын өзүнө тийешелүү тарых-таржымалы, салт-санаасы, маданияты болот. Келечек урпактарга ата-бабаларыбыздын калтырган мурасы ыйык жана баа жеткис байлык экендигин жон терибиз менен туя билүүбүз абзел экенин унутпашыбыз керек. Кыргыз эли эзелтеден нарк сактаган ак сатпаган кең пейил, берешен, достукка бекем, берген антты бузбаган, айтканынан кайтпаган жоокер эл болгондугу тарыхта талашсыз. Мына ушундай эл болушуна бир гана баатыр аталарыбыздын эле эмгеги эмес баатыр энелерибиздин да салымы чоң.

**Изилдөөнүн обьектиси:** XIX кылымдардагы Алай кыргыздарынын башкаруучусу Курманжан датканын тарыхый орду.

**Изилдөөнүн предмети:** Курманжан датканын өмүр таржымалы жана эл үчүн кылган кызматы кеңири иликтөөгө алынды.

**Материалдар жана методдор:** Изилдөөдө тарыхый илимий тажрыйбага таянып, анализ жана синтез ыкмаларын колдонуу менен Курманжан датканын Кокон хандыгы мезгилинде орусияга кошулганга чейин, орусия карамагындагы ишмердүүлүгүн аныктадык.

Кыргыз элинин артыкчылык касиеттеринин бири-алардын аял затына кылган аяр мамилеси. Муну кезинде Грек тарыхчысы- тарыхтын атасы Геродот өз эмгектеринин биринде б.з.ч VI кылыдын биринчи жарымында “Орто Азияны мекендеген көчмөн сак-массагеттердин кол башчысы Томирис ханышаны Кир (Перс падышасы) өзүнүн зайыбы кылууну каалагансып жуучу катары элчилерди жиберген. Бирок Томирис Кирдин өзүнө куда түшпөстөн, массагеттердин падышачылыгына көз артып жаткандыгын түшүнүп ага көнгөн эмес. Ошондо Кир айла-амал таппай максатына жете албай массагеттерге ачык согуш ачты.” Ал эми жогоруда айтылган согуш б.з.ч 530-жылы болгон жана Кирдин өлүмү менен аяктаган[2]. XIX кылымда Кыргызстанга келген орус окмуштуулары, Европадан келген саякатчылар Томиристен кем калышпаган кыргыз аялдары тууралуу көптөгөн кызыгууларды жараткан. Алардын жазгандарына караганда кыргыз аялдары күндөлүк турмуш-тиричиликте чечүүчү роль ойночу. Анткени жоокерчилик заманда эркектер көбүн эсе жортуулга кетип же алыста болгондо үй-бүлөдө кыйла жоопкерчилик аял затына жүктөлчү. Айрым учурларда эркектерден кем калышпай колго курал алып жоого каршы чыкканга туура келген. Болбосо “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” сыяктуу кыргыз аялдарынын эрдиктери жөн жерден жаралбаса керек. Мыны ушундай окуяларга күбө катары XIX кылымдагы атагы алыска кеткен тубаса даанышман алысты көрө билген көсөмдүгү, эл башында туруп даңкы алыска угулган айтылуу “Алай ханышасы” атыккан Курманжан датканын кыргыз эли үчүн, келечек муун үчүн жасаган көп жылдык көп кырдуу, үзүрлүү коомдук-саясий ишмердиги күбө эмеспи.

1907-жылы Ош уездинде мал доктур болуп иштеген И.П. Ювачев Курманжан датканын уулдарына, неберелерине жакшы билген замандаштарына жолугуп көпөгөн материалдарды чогултат. Курманжан датка тууралуу алгачкы жолу кеңири иликтөөгө алынган “Курманжан

датка алайлык кара кыргыздардын ханышасы” аттуу эмгегинде автор: “ Адатта Түркистандагы мусулман аялдарынын эч кандай укугу болбойт. Аларды күйөөлөрү пулга алган оокат катары көрүшөт. Кыргыздардын аялдары тышта болобу, үйдө болобу, өз каалаганындай жүрө берет. Кыргыз аялы ат үстүндө эркин жүрөт, чарбачыл, конок-кечени жайдары тосуп алган үй ээси. Кыргыз аялы коомдук иштерге катышкан мисалдар да болгон”,- деп жазат.[1]

Эл оозунда айтылып калган көптөгөн санжыра, уламыштарга караганда Курманжан датка 1811-жылы Ош шаарынын түштүк-батыш тарабында жайгашкан анча алыс эмес жерде Орке деген кыштакта жарык дүйнөгө келген. Айрым авторлор XX кылымдын 90- жылдарына чейин анын туулган жери Мады айылы деп жазып келишкен. Бул маалыматтын туура эмес экендигин Курманжандын урпактарынын бири, тарыхчы-Турсунай Өмүрзакова алгачкылардан болуп тастыктап берди. Муңгуш уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ислам жыл сүрүүсү боюнча Рамазан айында төрөлгөн балага же кызга кыргыздар Курманаалы, Курманбек, Курманбай, Курманжан деп ат коюшса ал узак өмүр сүрөт деген ишеним болгон. Курман Айт майрамы убагында жарык дүйнөгө келгендиктен ханыша айымга Курманжан деген ат коюшкан.

Атасы Маматбай өз оокатына тың, эл арасында кадыры бар, сөзү өтүмдүү, мал-жандуу,каада-салтты бек сактаган, адамгерчиликти жогору баалаган киши болуптур. Курманжандын ата теги Адигине уруусу менен жанаша жашап келген, ата-бабалары жеринен эле Алай өрөөнүн жердеп, ары жагы Кашкар бул жагы Ош, Андижан, Маргалаң, Наманганга чейинки кең аймакты жайлашып көп сандаган кыргыз уруу-уруктары менен тууган-туушкандык ич ара алака-байланыштарды ишке ашырып турган. Н.А.Аристов Муңгуш уруусу тууралуу мындай деп жазганы бар: ”Муңгуш уруусу адигине менен бирге Алайды жайлайт жана Оштун айланасында муңгуш уруусунун кыштоолору бар, алар он эки бутактан турат, алар: тейке, жапалак, төлөйкөн, жоош, жылгелди, кодогочун, ирке-кашка, сонолок, көк-жатак, сарттар,савай жана моңгол”. Демек Курманжан датка энебиз чоң уруу бирикменин ичиндеги тектүү уруктан чыккан [2].

Маматбай жаз, жай айларында жайыт алмаштырып, Алай өрөөнүндөгү Көк-Суу, Кызыл-Суу, Нура жайлоолоруна көчүп-конуп андан ары Кытай чегинде жайгашкан Үч-Чат жайлоосуна чейин конуштаган. Ал мезгилде мамлекеттик деңгээлдеги чек ара болбогондуктан, Чыгыш Түркистандагы кыргыздар менен бирге Курманжандын келечектеги кайнатасы Төрөкул бий баш болгон жоош уруусунун эли, канатташ жайгашкан көчмөндөр жайды жайлата той-тамашаларды бирге өткөрүшүп, бири-бирине кадырман мейман болушчу.Айтоор жамандык-жакшылыкта катташып соода жүргүзүүдө чыгыш тарабы Кашкар, батыш тарабы Ош, Андижанга чейин бирге жол алышчу.Маматбай менен Төрөкулдун мамилеси бөтөнчө жакын болгон. Эөө байланышын андан ары бекем сактап калуу үчүн куда болууну чечишет жана ата-бабалардан келе жаткан салт боюнча күйө болуучу тарап Курманжандын кулагына сөйкө салат. Жетесинде жок, жүүнү бош Кулсейит Курманжандан эки жашка улуу болгон деп эскеришкен замандаштары. Айрым маалыматтар боюнча Маматбай жана Төрөкул бешик куда болушкан, тактап айтканда, Куранжанга бешик кезинде эле сөйкө салган[3].Совет доорунда жарык көргөн эмгектерде тарыхчы В.М.Плоскихтин жазганы боюнча Курманжан 18 жашка чыкканда ата-энеси анын каршы экенине карабай, мурда эч качан көрбөгөн, юваш уругунан чыккан Кулы-Сад-Яров деген бечарага күйөөгө беришкен деп жазат[4].Ал эми Турсунай Өмүрзакова Курманжандын биринчи күйөөсүнүн аты Кулсейит болгон, экинчиден, уругу жоош болуп, Курманжан бала кезден болочок күйөөсүн көрүп-билип чоңойгон. Өзгөчө жайында көчмөндөр чөп кууп жйлоолоп жашаган

учурда жолугуп, жайкысын бирге жайлаган ата-энеси менен чогу болгондугу айдан анык деп жазат тарыхчы өз эмгегинде. А.Газиев болсо “Курманжан Алайда могуш уруусунан чыккан жөнөкөй көчмөндүн үй-бүлөсүндөтуулган. Аны 18ге чыкканда тоюнда биринчи жолу көргөн адамга күйөөгө беришкен. Ал ага жаккан эмес, ал динге жана салтка каршы чыгып, күйөөсүнө барган эмес жана атасынын өргөөсүндө калаберген” деп жазган[5]. Биз тарыхый чындыкка таянсак Курманжан муңгуш уруусунан чыккан “карапайым көчмөн” үй-бүлөдөн эмес, өз оокатына тың, мал-мүлктү, алыскы Кашкардын чегине чейинки жайлоолордо көчүп-конуп жүргөн Маматбай дегендин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген жана күйөөсү Кулсейит анын атасы Төрөкул 500 түтүндүү жоош уруусунун бийи болгон. Кулсейит Курманжандын көңүлүнө туура келбеген соң бир жылдан кийин Үч-Чат жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет.Түн жамынын жүздөгөн чакырым аралыкты тоо-ташты аралап өмүрүн тобокелге салып өз бактысын табуу үчүн жолго түшөт.

Жолдо жигиттери менен куш салып, мергенчилик кылып жүргөн Алымбекке жолугат. Дагы башка бир маалыматта Алымбек жигиттери менен Кокондон келе жатып жол боюндагы Маматбайдын ак өргөөсүнө тийип дем алмакчы болгондо Курманжанды көрөт. Тагдыр буюруп ,кийин Алымбек Курманжандын башын бошотуп алган. Ар-намыстан арданган жоош уруусунун жигиттери Курманжанды качкан күйөөсүнө кайра жеткирүү үчүн артынан кууп келишет, бирок өмүрүн тобокелге салып жүздөгөн чакырым аралыкты басып качып келген кызынын тагдырын дагы азапка салгысы келбеген атасы Маматбай куугунчуларга кызын кошуп берүүдөн баш тартат. Куугунчулар качкан келинди кайтарып ала алышбагандарына ичи күйүп ,бир үйүр жылкыны айдап кетишет.Ошонтип ,жапалак жана жоош уругунун ортосундагы байланыш бекемделмек түгүл,тескерисинче ,биротоло үзүлөт. Курманжан төркүнүнө кайтып келген соң, жыл айланбай атасы Маматбай көз жумат. Ошентип 1831-жылы (кээ бир маалыматтар боюнча 1832-ж.) Курманжандын андан аркы жашоо-тагдырындагы бурулуш жыл болгон. Ошол кезде Алайды бийлеп турган Алымбек датка ага үйлөнөт. Экөөсү баш кошкондон бир канча жылдар бою балалуу болушкан эмес. Кыргыздагы жөрөлгөлөрдүн бири боюнча көпкө чейин балалуу болбогон адам бирөөнүн баласын багып алса, артынан наристе баштап келет деген түшүнүк азырга чейин сакталып калган, ошентип алар наристе асырып алып ага Карабек деген ысым коюшат. Өз жакындарына эгерде Карабек тууралу бакма бала деп ушак кылчу болсоңор , оозуңарга коргошун куюлат,-деп айткан экен[3]. Чындыгында эле Карабекти асырап алгандан кийин Курманжан 5 эркек балалуу, 2 кыздуу бололгону маалым. Алар Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек, Асанбек, Камчыбек, кыздары Атимбү, Сатимбү. Бакма балдары Жаркынбай, биринчи аялынан Акунбек когондогу кыпчак токолунан Кылычбек болгон[6]. Ал эми өмүр жолдошу Алымбек датка тууралуу сөз кылсак Алымбек датка Асан бий уулу, Алымбек парваначы (1799-1862-жж ) Кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян вилайетинин беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойногон. 1842-жылы Шералыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан . Анжиян вилайетинин борборун Ош шаарына көчүрүп, бул шаардын социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий жана мамлекеттин 30 жылдык (1831-1862-жж ) ишмердигинде журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-жылы 24-февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга катышкан. Тактыга Шералы хандын 12 жаштагы жээни Шах Мурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага аталык болуп турган. Кокон хандыгынын акыйкатсыз, баскынчы саясатын

колдогон эмес. Алымбек датка бүткүл кыргыздарды баш коштуруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-жылы хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон. Алымбектин өлүмү тууралуу көптөгөн пикирлер бар: өзүнүн атаандашы Алымкул тарабынан 1863-жылы өлтүрүлгөн ( Ч. Валиханов), 1863-жылы дарга асылган ( “Түркстанские ведомости” газетасы, В.М.Плоских жана В.П.Мокрынин), 1862-жылы кутумчулар тарабынан муунтулган (А.Х.Хасанов), Алымкул аталыктын буйуртмасы менен Көкбелдик Чотон деген кыргыздын колунан өлтүрүлгөндүгү ж.б. пикирлер айтылып келет[7]. Алымбек датка көз жумган соң Бухара эмири Сид Музаффар Курманжанга мамлекеттик жогорку датка наамын ыйгарат. Дал ошол мезгилден баштап Курманжан датка кыргыз элинин жана Кокон хандыгынын баардык мамлекеттик, саясий иштерине активдүү катыша баштайт. Алымбек датканын мураскору катары ал дагы өз элинин тагдыры, келечеги, эркиндиги үчүн күрөшөт. 1871-жылдан баштап Кокон бийлиги элден ошондой эле кыргыздардан да салык чогултуунун жаңы ыкмаларын киргизип, эсепсиз көбөйтүп элди эзип салган. Хандыктын мындай ырайымсыз кылган иш аракетинин натыйжасында Курманжан датка салык төлөөдөн баш тарткан. Натыйжада 1873-жылы калк Кокон хандыгына каршы ачык көтөрүлүшкө чыккан. Ал 1876-жылга чейин созулуп, анда Курманжан датка уулдары менен активдүү катышкан. Кокон хандыгын жоюлган кезде Түштүк Кыргызстандын тоолу аймактары, Алай жана башка өрөөндөрү али орус мамлекетине каратыла элек болчу. М.Д.Скобелев моюн сунбаган кыргыздарды каратуу үчүн атайын “Алай илимий-согуштук экспедициясын” уюштурган. Экспедициянын курамында аскердик күчтөрдөн сырткары окмуштуу, изилдөөчүлөр да катышкан. Эркиндикти сүйгөн алайлык кыргыздардын күрөшүнө Алымбек датка менен Курманжан датканын уулдары жетекчилик кылышкан. Алай тоолорундагы кармаштар орус аскерлери үчүн кыйынчылыктарды туудурган жана саясий-стратегиялык мааниси жагынан Фергананын түздүктөрүндө 1875-1876- жылдары болгон согуштарга тете болгон. Көтөрүшчүлөр жан аябай катуу каршылык көрсөтүшкөн. Жазоолочулар эч кимди аяган эмес. Кары-картандар, балдар, аялдар кыргынга учураган. Экспедицияга Шабдан баатыр да өз иниси, жан жөөкөрү жана 40 тай жигити менен катышып көтөрүлүштү тынчтык жолу менен жүрүшүнө аракет кылып көптөгөн кан төгүүлөрдү алдын алган. Россияга баш ийүүнү каалабаган Курманжан датка 1876-ж. июнь айларынын башында өз айылы менен Кашкар тарапка көчүп кетет. Көп өтпөй эле ал жактан Алай экспедициясы кызуу жүрүп жаткан учурда келет. 29-июлда Скобелевдин өргүп жаткан лагаерине алып келет. Анын Алайдагы кадыр-баркын жакшы түшүнүү менен сый-урмат менен тосуп алган. Курманжан орус башкаруучулары менен мамиле түзүүдө акыл-эстүүлүктү, кыраакылыкты көрсөткөн. Анын акылына, кыраакылыгына, тайманбас кайратына таң калган М.Д. Скобелев “Алай ханышасы” деп баа берген. Бул жолугушуда Курманжан орус бийлигине багынганын билдирген жана эли жерин кыргындан сактап калган. Ошентип Кыргызстандын Түшүгү толугу менен Россияга баш ийген жана Россиянын Түштүк Кыргызыстанды каратуусу түздөн-түз басып алуучулук мүнөздө болгон. 1907- жылы Курманжан датка Оштон 12 чакырым жердеги Мады айылында 96 жашында көз жумган. Маркумду акыркы сапарга балдары Мамытбек,Асанбек жана небере чөбөрөлөрү узатышкан. Анын сөөгү Ош шаарынын түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан Сары-Мазар көрүстөнүнө коюлган. 1991-жылы Ош облусунда, анын хан ордосу болгон Гүлчөдө Курманжан датканын 180 жылдыгы чоң салтанат менен белгиленди[3].Элибиз эгемендүүлүк алгандан кийин 1998-жылы сентябрь айында Курманжан датканын эстелиги Оштун борбордук аянттардын бирине орнотулган жана Ош шаарындагы негизги чоң көчөлөрдүн бирине Курманжан датканын аты ыйгарылган ошондой эле көптөгөн мамлекеттик

мекемелерге анын аты берилген. 2014-жылы Курманжан датка тууралуу көркөм,тарыхый, биографиялык драма, режиссеру Садык Шер-Нияз. Кыргызстандын тарыхындагы эң алгачкы тарыхый тасма. Жыйынтыктап айтканда Курманжан датка өз доорунун улуу инсаны. Анын мындай зор кадыр-баркка ээ болушуна акылмандыгы, амал көйлүгү, чечкиндүүлүгү, сабырдуулугу, зиректиги, кара кылды как жарган калыстыгы, иш билгилиги жана көптү билген көрөгөч саясатчылыгы болду. Кыргыз эли жери үчүн керт башын сайып, биздин келечек урпак үчүн кам көргөн. Демек датка энебиз XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз элинин эң көрүнүкүү мамлекеттик ишмери болгон деп жыйынтыктоого толук негиз бар.

**Адабияттар.**


1. К.А.Курманалиев. А.Р.Жоошбекова.//Атамекендин тарыхы., Б-2016., 242-б.
2. Т.Өмүрбеков.//Кыргыз тарыхы: Улу инсандары., Б-2018.,400-б.
3. Т.Өмүрзакова.//Курманжан датка (доор,инсан,ишмердүүлүк.).,Б-2002.,23-28-32-б.189-190-бб.
4. Плоских.В.М.//Кыргызы и Кокондское ханство.,Ф-1977.,172-б.
5. Газиев.А.//Курманжан датка –Некороновнная царица Алая.,Б-1997.
6. Эрмекбаев.М.//3-том.,220-б.
7. Кыргыз тарыхы // Энциклопедиялык окуу куралы- Б.,2003. 14-15-б.